кыун
2007-54

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМДЕР УЛУТТУК
АКАДЕМИЯСЫ ТАРЫХ ИНСТИТУТУ

Кол жазма укугунда
УДК 947. (575. 2): 37 (043.3)

СУЛТАНОВА МАХПУРАТ ШАКИРОВНА

# «XIX КЫЛЫМДЫН II ЖАРЫМЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АБАЛЫ»

Адистиги: 07.00.02- Кыргызстан тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
алуу үчүн жазылган диссертациянын

# АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек - 2007

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин
Кыргызстан тарыхы кафедрасында даярдалды

**Илимий жетекчилер:** философия илимдеринин доктору
профессор **Базарбаев Ш.Б.**
тарых илимдеринин доктору,
профессор **Эралиев З.Э.**

**Расмий оппонентер:** тарых илимдеринин доктору,
профессор **Каракеев К.К.**
тарых илимдеринин кандидаты,
доцент **Сатаров Б.С.**

**Жетектөөчү мекеме:** Бишкек Гуманитардык Университети,
«Ата Мекен жана Жалпы тарых» кафедрасы

Диссертацияны коргоо Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын тарых институтунун алдындагы 07.00.02. – Кыргызстандын тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасына талапкер диссертациялар корголуучу Д 07.06.333 диссертациялык кеңештин 2007-жылдын «22» февраля күнү саат 14.00 баштала турган жыйынында өтөт.

*Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.*

Диссертациянын кол жазмасы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат «20» января 2007 ж. таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Ш.Д.Батырбаева



## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет болушу, өлкөдөгү кеңири масштабдагы реформалардын жүрүшү менен кыргыз элинин тарыхындагы көп маселелердин бүгүнкү күндүн талабына ылайык объективдүү изилденишине жана баа берилишине укуктук жана коомдук саясий шарт түздү.

Совет бийлигинин мезгилинде коммунисттик партиянын таптык саясатына ылайык тарыхтын актай барактары пайда болгон. Мына ушундай проблемалардын бири биз тандап алган: "XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы".

Россияга кошулганга чейин эле Борбордук Азия элдеринде, анын ичинде кыргыздарда да, диний мектептер, медреселер жаш муундарга бирден бир билим берүүчү система болуп эсептелген. Тилекке каршы бул мектептердин элдин сабаттуулугун көтөрүүдөгү ээлеген ордун, билим берүүдөгү деңгээлин, артыкчылыгын иликтеп көрсөткөн бир дагы илимий изилдөө жүргүзүлө элек. Ал эми айрым эмгектер, коммунисттик идеологиянын негизинде жазылып, объективдүү чындык таасын чагылдырылбай калган. Аларда бар болгону оозеки чыгармачылык гана өнүккөн деген ой үстөмдүк кылган.

Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин кыргыз элинин жазмасы болгон эмес, өз тилинде эч кандай гезит же китеп чыккан эмес. Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстанда гезит, китептер чыга баштаган жана басма сөз каражаттарынын иштери үчүн керектүү материалдык база түзүлгөн. Ал эми совет мезгилиндеги тарыхчылардын жана адабиятчылардын эмгектеринде «диний мектеп, медреселердеги окуу үстүртөдөн жүргүзүлгөн, түшүнбөй жаттоо, жалпы билим берүүчү так илимдер берилбей, окуу усулу туура эмес жүргүзүлүп, эч кандай билим бере алган эмес» - деген көз караштар болуп, бир жактуу баа берилип, кыргыздардын рухий турмушундагы исламдын орду такталбай, анын мааниси, ролу көрсөтүлбөй, ал гана турсун, аны жокко чыгаруу аракеттери болгон. Мындай көз караштар биздин изилдөө боюнча тарыхый чындыкка дал келбейт. Эгемендүүлүктүн шартында чындыкты айта турган мүмкүнчүлүккө ээ болдук.

Башка Борбордук Азия элдериндей эле кыргыздардын рухий маданиятынын негизи катары көп кылымдардан бери өсүп-өнүгүп келген мусулман мектептери менен медреселери коомдун социалдык жана рухий өнүгүүсүндө чоң роль ойногон. Бул мектептер агартуучулукта гана эмес, жалпы коомго, мамлекеттин кызыкчылыгына кызмат кылган. Ислам дининин таасири чоң болгон. Ошондуктан мамлекеттик кызматкерлер, негизинен, дин өкүлдөрүнөн дайындалган. Өз учурунда чөлкөмдөн мусулман мектеп,

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин
Кыргызстан тарыхы кафедрасында даярдалды

**Илимий жетекчилер:** философия илимдеринин доктору
профессор **Базарбаев Ш.Б.**
тарых илимдеринин доктору,
профессор **Эралиев З.Э.**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору,
профессор **Каракеев К.К.**
тарых илимдеринин кандидаты,
доцент **Сатаров Б.С.**

**Жетектөөчү мекеме:** Бишкек Гуманитардык Университети,
«Ата Мекен жана Жалпы тарых» кафедрасы

Диссертацияны коргоо Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын тарых институтунун алдындагы 07.00.02. – Кыргызстандын тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасына талапкер диссертациялар корголуучу Д 07.06.333 диссертациялык кеңештин 2007-жылдын «22» февраль күнү саат 14.00 баштала турган жыйынында өтөт.

*Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.*

Диссертациянын кол жазмасы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат «20» январь 2007 ж. таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Ш.Д.Батырбаева



## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет болушу, өлкөдөгү кеңири масштабдагы реформалардын жүрүшү менен кыргыз элинин тарыхындагы көп маселелердин бүгүнкү күндүн талабына ылайык объективдүү изилденишине жана баа берилишине укуктук жана коомдук саясий шарт түздү.

Совет бийлигинин мезгилинде коммунисттик партиянын таптык саясатына ылайык тарыхтын актай барактары пайда болгон. Мына ушундай проблемалардын бири биз тандап алган: "XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы".

Россияга кошулганга чейин эле Борбордук Азия элдеринде, анын ичинде кыргыздарда да, диний мектептер, медреселер жаш муундарга бирден бир билим берүүчү система болуп эсептелген. Тилекке каршы бул мектептердин элдин сабаттулугун көтөрүүдөгү ээлеген ордун, билим берүүдөгү деңгээлин, артыкчылыгын иликтеп көрсөткөн бир дагы илимий изилдөө жүргүзүлө элек. Ал эми айрым эмгектер, коммунисттик идеологиянын негизинде жазылып, объективдүү чындык таасын чагылдырылбай калган. Аларда бар болгону оозеки чыгармачылык гана өнүккөн деген ой үстөмдүк кылган.

Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин кыргыз элинин жазмасы болгон эмес, өз тилинде эч кандай гезит же китеп чыккан эмес. Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстанда гезит, китептер чыга баштаган жана басма сөз каражаттарынын иштери үчүн керектүү материалдык база түзүлгөн. Ал эми совет мезгилиндеги тарыхчылардын жана адабиятчылардын эмгектеринде «диний мектеп, медреселердеги окуу үстүртөдөн жүргүзүлгөн, түшүнбөй жаттоо, жалпы билим берүүчү так илимдер берилбей, окуу усулу туура эмес жүргүзүлүп, эч кандай билим бере алган эмес» - деген көз караштар болуп, бир жактуу баа берилип, кыргыздардын рухий турмушундагы исламдын орду такталбай, анын мааниси, ролу көрсөтүлбөй, ал гана турсун, аны жокко чыгаруу аракеттери болгон. Мындай көз караштар биздин изилдөө боюнча тарыхый чындыкка дал келбейт. Эгемендүүлүктүн шартында чындыкты айта турган мүмкүнчүлүккө ээ болдук.

Башка Борбордук Азия элдериндей эле кыргыздардын рухий маданиятынын негизи катары көп кылымдардан бери өсүп-өнүгүп келген мусулман мектептери менен медреселери коомдун социалдык жана рухий өнүгүүсүндө чоң роль ойногон. Бул мектептер агартуучулукта гана эмес, жалпы коомго, мамлекеттин кызыкчылыгына кызмат кылган. Ислам дининин таасири чоң болгон. Ошондуктан мамлекеттик кызматкерлер, негизинен, дин өкүлдөрүнөн дайындалган. Өз учурунда чөлкөмдөн мусулман мектеп,

медреселеринде окуп билим алган окумуштуулар, философтор, филологдор, улуу ойчулдар, акын, жазуучулар чыккан.

XIX кылымдын экинчи жарымында диний мектеп медреселерден билим алган белгилүү инсандар Молдо Нияз, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Нур Молдо, Алдаш Молдо, Осмоналы Сыдык уулу, Белек Солтоноев, Талип Молдо жана башкалардын бир нече кол жазма жана басмадан жарык көргөн эмгектери бизге чейин жетти. Натыйжада кыргыздардын арасында кат тааныгандар, Чыгыштын белгилүү аалымдарынын чыгармаларын окуган жана өздөрүнүн белгилүү чыгармаларын жаратып, учурдун орчундуу окуяларын ыр, кара сөз түрүндө жазып калтырышкан билимдүү, сабаттуу инсандар чыккан.

Буга кошумча И.Арабаев, К.Сарыкулаков, журналист А.Жутакеев, Сыдык Карачев, Касым Тыныстанов сыяктуу улуу инсандар да мусулман мектептеринен кат сабатын жоюу менен орус-тузем мектептеринен окушкан. Октябрь революциясынан кийин өзүлөрүнүн сабаттуулугу менен коомдук-саясий иштерге тартылып, Кыргызстандын социалдык-экономикалык, маданий турмушуна өзгөчө салым кошуп, улуттук интеллигенциянын негизин түзүшкөн.

Аталган проблеманын актуалдуулугунун дагы бир обьективдүү себеби, бул Октябрь революциясына чейин Түркстан элдеринин, анын ичинде кыргыздардын да, сабаттуулугунун деңгээли эң төмөн экендиги совет доорунда жазылган илимий эмгектерде баса көрсөтүлөт. Ошол эмгектерде бир жагынан Түркстанда миңдеген балдар окуп, мектептердин, медреселердин саны көп болгондугун айтышса, экинчи жагынан калктын дээрлик көпчүлүгү туташ сабатсыз болгон деген бүтүмгө келишкен. Бирок, 1898-жылдагы калк каттоону орустар жүргүзгөндүктөн сабаттуулардын катарына орусча жазууну жана окууну билгендер гана кошулгандыгы белгилүү. Калк каттоодо араб жазуусун этибарга албагандыгын, биздин окумуштуулар чөлкөмдүн чыныгы абалын чагылдырбаган материалдарды «чөлкөмдүн мурдатан артта калгандыгы жана Совет бийлигинин учурунда гана гүлдөгөндүгү» жөнүндө өздөрүнүн концепциясын бекемдөөгө ыңгайлуу болгондуктан, аларды эч кандай сын көз карашсыз пайдаланышканы көрүнүп турат. Ал турсун Орто Азия жана Казакстан элдеринин билим деңгээлин мүнөздөгөн бул маалыматтар үзгүлтүксүз пайдаланылып, бир китептен экинчисине көчүрүлүп келгендигин айтып койгон оң.

Азыркы эгемендүүлүктүн шартында ислам динине болгон мамиле да түп тамырынан бери өзгөрдү. Мамлекеттин деңгээлинде Өкмөттө дин иштери боюнча башкармалык түзүлдү. Республикада көптөгөн теология факультеттери ачылып, медреселер иштөөдө. Бирок, ислам маданияты, анын араб, фарс алфавитине, окуусуна негизделген сабаттуулук өз алдынча илимий проблема катары атайын изилденбей келет. Өзгөчө биз карап жаткан мезгилдеги кыргыз элинин араб, фарс тибиндеги мектептерине негизделген сабаттуулугунун жогору болгондугун билүү, далилдөө максатка ылайык жана учурдун актуалдуу проблемаларынын бири.



**Теманын изилденген деңгээли.** Аталган проблема жөнүндө көп эле илимий эмгектер жана макалалар жарык көрдү. Изилдөөлөр мезгилине жараша шарттуу түрдө үч топко бөлүндү: 1917-жылга чейин жарык көргөн эмгектер, совет бийлигинин мезгилиндеги эмгектер, 1991-жылдан кийинки эмгектер.

Биринчи топтогу эмгектерге: Түркстанда жашаган элдердин, анын ичинде Кыргызстандын да маданий турмушуна арналган эмгектер[1]. Айрыкча С.М.Граменицкий, В.А.Наливкин жана М.Наливкиналар Фергана өрөөнүндөгү жергиликтүү элдин тилин, үрп-адаттарын терең үйрөнүшүп, региондо ислам дининин өнүгүшү, мектеп, медреселердин окуусу, коомдун рухий турмушундагы ислам маданиятынын ролун изилдешкен.

Экинчи топтогу эмгектерде[2] кыргыз элинин өткөн кылымдагы рухий маданиятынын бардык компоненттери ар тараптуу иликтөөгө алынган. Изилденип жаткан проблема боюнча Д.Айтмамбетовдун, К.Е.Бендриковдун, С.Данияровдун эмгектеринин мааниси зор.[3] Өзгөчө Д.Айтмамбетовдун «Кыргызстандагы революцияга чейинки мектептер» («Дореволюционные школы в Киргизии») китеби. Анда Кыргызстандагы мектеп, медреселердин окуусу, жаңы усулдагы мектептердин ачылышы, орус-тузем мектептери, училищелер, гимназиялардын ачылышы жана алардын турмушу кеңири чагылдырылса, «Түркстандагы мектеп иши» («Школьное дело в Туркестане») аттуу китебинде падышалык Россиянын Түркстан чөлкөмүндөгү агартуу ишинин коюлушу, билим берүү саясаты, элге билим берүүнү каржылоо, анда иштеген мугалимдердин коомдо ээлеген орду жана материалдык абалдары изилденген. Бирок, автор Кыргызстандын Түштүк регионундагы окуу системасын жана анын абалын атайын изилдеген эмес.

К.Е.Бендриковдун «Түркстанда элге билим берүүнүн тарыхы боюнча очерки 1865-1924» ("Очерки по истории народного образования в Туркестане 1865-1924") XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында региондогу эки маданияттын жергиликтүү элдердин рухий аң-сезимине тийгизген таасири, мектеп, медреселердин, орус-тузем жана орус мектептеринин материалдык базалары, окуулары жана алардын каржыланышы жөнүндө жазган.

В.Галицкий менен В.Плоскихтин Фрунзеден 1987-жылы жарык көргөн «Байыркы Ош» («Старинный Ош») деген эмгегинде XIX кылымдын аягы

[1] Остроумов Н.П.Исламоведение.-Т.,1914; Наливкин В.П.Наливкина М. Очерк быта женщины оседлого туземного населения Ферганы.-Казань,1886; Наливкин В.П. Туземцы раньше и теперь.-Т.,1913; Бобровников Н. Русско-туземные училища, мактабы и медресе Средней Азии.-СПб.,1913; Граменицкий С.М. Очерки развития народного образования в Туркестанском крае.-Т.,1886; Его же. Положение инородческого образования в Сыр-Дарьинской области. – Т., 1916.; Керенский Ф.М. Медресе в Туркестанском крае. – СПб.1892; Отчет по ревизии Туркестанского края поизведенный по гофмейстером графом К.К.Паленом. т.6. Учебное дело. –СПб. Сенатская типография 1910.; Покровский В.И. Однодневная перепись начальных школ в империи произведенная 18.01.1911. –СПб., 1914, Часть 1.

[2] Абрамзон С.М. Очерки культуры кыргызского народа. –Ф., 1946.; Его же. Кыргызы и их этногенетические и историко-культурные связи. –М., 1971.; Алтымышбаев А.А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли кыргызского народа в конце XIX и начале XX вв. Изв АН Кирг.ССР., -Ф., 1957. вып.4.; Бартольд В.В. История культурной жизни Туркестана. 1947; Его же. Кыргызы. -Ф., 1943.; Его же. Культура мусульманства – 1918.; Валиханов Ч.В. Записки о киргизах. Собр. Соч. в 5 ти томах., т.2., 1985.; Измайлов А.Э. Очерки по истории советской школы в Киргизии за 40 лет (1917-1947). –Ф., 1957.; Плоских В.П., Кудайбергенов С.К. Ранние киргизские письменные документы. – Ф., 1968.; Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства. –Ф., 1961.; Чукубаев А. Классовая борьба и общественная мысль в Киргизии (1900-1917гг.) – Ф., 1967.; Юнусалиев Б.М. Отражение диалектических особенностей в санатах Молдо Нияза (Тюркологические исследования). – Ф., 1970.

[3] Айтмамбетов Д.А. Дореволюционные школы в Киргизии. – Ф., 1961; Бендриков К.Е. Очерки по истории народного образования в Туркестане (1865-1924). М., 1960.; Данияров С. Становление Киргизской Советской культуры (1917-1924гг.) – Ф., 1983.

XX кылымдын башындагы Оштун маданий турмушу, андагы мечит, медреселер, мазар, мавзолейлер, алардын материалдык базалары жөнүндө изилдешкен.[4]

Үчүнчү топтогу тарыхчылардын[5], философтордун[6], филологдордун[7] эмгектеринде биздин тема толук чагылдырылбаса да Кыргызстандын маданий тарыхын изилдөөдө ээлеген орду чоң. Колониялдык, советтик жана суверендүүлүктүн шартында жазылган авторлордун илимий эмгектеринде, Фергана өрөөнүндөгү, анын ичинде Түштүк Кыргызстандын аймагындагы окуу жайлардын тарыхы негизинен жазылса да, «XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы» атайын илимий изилденбегендигин жогорудагы историографиялык анализ көрсөтүп турат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

- аталган проблеманы азыркы көз караштa изилдөө;
- революцияга чейинки кыргыздар туташ сабатсыз болбогондугун далилдөөдө;
- Кыргызстандын Россияга киришине чейинки иштеп келген араб, фарс тибиндеги мектеп, медреселердин, «усул-и-жадид» мектептеринин, орус-тузем жана орус мектептеринин окуу программаларынын, окуу куралдарынын, окутуу усулдарынын өзгөчөлүктөрүн алардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын терең изилдөө.

Аталган максатка ылайык диссертациялык изилдөөгө төмөндөгү **милдеттер** коюлду:

- XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында Фергана областында калктын жайгашуусу, административдик жана этнографиялык жактан өтө татаал болгондугуна карабай, чөлкөмдө, болжолдуу болсо да, канча кыргыз жашаганын тактоо;
- совет доорунда жазылган айрым саясатчылардын, тарыхчылардын, философтордун, педагогдордун эмгектериндеги өткөн замандагы кыргыздардын толук сабатсыздыгы жөнүндөгү идеяларын төгүнгө чыгаруу;
- кыргыз эли тарыхый эл экендиги, ал байыртан эле илим-билимге умтулган маданият жасоочу, дээринде бар элдердин катарында өнүгүп келгендигин көрсөтүү;

[4] Галицкий В.В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987.
[5] Эралиев З.Э. Жусуп Баласагын.- Б.,2000; Захарова А. Историко-архитектурные наследия города Ош (Конец XIX-начале XX вв).-Ош., 1997; Койчиев Т., Мокрынин В., Плоских В. Киргизы и их предки.-Б., 1994; Чоротегин Т., Молдокасымов К. С. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы.-Б., 2000; Табышалиева А.Т. Вера в Туркестане. -Б, 1993;Осмонов О.Дж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы (Эн байыркы доордон азыркы мезгилге чейин); Окуу китеби.-Б.,2003.
[6] Абдыллаев М. Казалчы акындардын казынасынан.Ала-Тоо.,№10, октябрь 1989;Акматов О. Молдо Нияз-гуманист ойчул.Ош.2000; Базарбаев Ш.Б. Рухий маданият Жана дин. Ош1995.
[7] Байкожоев С. Жазгыч акындар. Кыскача очерк. 1959; Бейсембиев Т.К. «Тарыхи Шахрухи» как исторический источник; Эркебаев А. Касым Тыныстан уулу.Б.1991; Сооронов О. Молдо Нияз кыргыз жазма мурасынын коч башы. Кыргыз руху 1992, №9; Анын Молдо Нияз санат дигарастары.Б.1993;Теннишев Э. Улуттук доорго чейинки кыргыз адабий тили жонундо.Б.1991; Юнусалиев Б.М. Отражение диалектических особенностей в санатах Молло-Нияза (тюркологические исследования) – Ф., 1970.



- уезддердин айылдарындагы жана шаарларындагы мектеп, медреселердин, андагы окуучулардын, окутуучулардын (мударистердин) санын аныктоо;
- мектеп, медреселердин окуу программаларын, окуу китептерин, окутуу усулдарын, окуу мөөнөттөрүн, алардын билим берүүдөгү сапатын анализдөө;
- XX кылымдын башында «усул-и-жадид» мектептеринин Кыргызстанга таралышын, алардын иш аракеттерин, мектептеринин жана окуучуларынын санын, окутуучулар курамын, окуу программаларын, окуу куралдарын, окутуу усулдарын, өзгөчөлүктөрүн, алардын каржыланыштарын, сабаттуулукка кошкон салымдарын, аларга падышалык администрациянын мамилесин жана кыргыз тарыхындагы анын ээлеген ордун ачуу;
- араб алиппесине негизделген ислам окуусунун кыргыздардын рухий маданиятында ээлеген ордун, алардын үрп-адатына, таалим-тарбиясына, турмуш-тиричилигине, илим-билимине тийгизген таасирин жана аларга падышалык режимдин мамилеси, ошондой эле диний мектептердин калктын сабатсыздыгын жоюудагы ролун тактоо;
- мектеп, медреселердин материалдык базасы болгон вакфтык мүлктөрдүн ролун анализдөө;
- совет доорунда үстөмдүк кылып келген: «кыргыз эли жалпы сабатсыз, караңгылыкта жашаган», -деген саясий тыянактын реалдуу чындыкка дал келбегендигин, сабаттуулуктун деңгээли канчалык жогору болгондугун далилдөө;
- колониялдык доордо ачылган «приходдук училищелердин», «орус-тузем мектептеринин» ачылуусунун обьективдүү себептерин көрсөтүү, алардын жайгашуу географиясын, мектептердин жана аларда окуган жергиликтүү элдин балдарынын санын тактоо. Мектептердин каржыланышын жана алардын жергиликтүү элге тийгизген таасирин анализдөө илимий изилдөөнүн негизги максаты болду.

**Илимий изилдөөнүн географиялык чеги.** Диссертацияда азыркы Өзбек Республикасынын айрым аймактары жөнүндө сөз болот. Анткени Кыргызстандын Ош, Жалалабат, Баткен аймактары, Өзбекстандын Кокон, Наманган, Анжиян, Фергана ж ана Тажикстандын Хожент уездери 1876-ж ылдан 1917-жылга чейин Фергана областына кирген. Ошондуктан Фергана областы боюнча жалпы маалыматтарды пайдаланууга туура келди.

**Илимий изилдөөнүн хронологиялык чеги** 1876-жылдан 1917–жылга чейинки мезгилди камтыйт. Ошол мезгилде кыргыз маданияты эки – ислам жана христиан маданияттарынын таасири астында өнүккөн.

Ошондой эле, ислам маданияты араб графикасына негизделген окууну таратса, орус маданияты кириллицага негизделген орус жазуусун тараткан.

Демек, аталган жазуулардын Кыргызстанга жайылышынын тарыхый мөөнөттөрү да ар кыл. Алардын кыргыздардын рухий аң-сезимине жана турмушуна тийгизген таасиринин дэңгээли ар башка болгон.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи.** Историзм жана объективдүүлүк изилдөөнүн жетекчи принциби болду. Тийиштүү статистикалык маалыматтар менен аныктоо, архивдик материалдар менен далилдөө, чыныгы тарыхый илимий анализдөө ыкмалары, ошондой эле окуяларды салыштыруу жана баалоо методдору колдонулду. Алардан тышкары автор хронологиялык жана проблеманын тематикалык методдорун да жетекчиликке алды.

**Изилдөөдө негизги илимий булак** катары архивдик жана ошол учурда жарык көргөн басма сөз материалдары пайдаланылды. Аларга Россия Федерацисынын борбордук мамлекеттик архиви, Өзбек Республикасынын борбордук мамлекеттик архиви, Кыргыз Республикасынын борбордук мамлекеттик архиви кирет.

Диссертацияга Фергана областы боюнча түзүлгөн 1882-жылдан 1914-жылга чейинки жылдык отчеттордун материалдары, статистикалык маалыматтар жана 490 томдук "Түркстан жыйнагы" («Туркестанский сборник») материалдары колдонулду. Өзбек республикасынын Навои атындагы борбордук китепканасынын сейрек кездешүүчү документтер фондундагы 1870-жылдан 1917-жылга чейин жарык көргөн басма сөздөр жана Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясындагы кол жазма фондунун материалдары колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандын аймагындагы калктын улуттук курамы, анын ичинде кыргыз элинин ээлеген орду, ошол мезгилдеги мектептин түрлөрү, алардын окуу программалары, мааниси, өзгөчөлүктөрү, алардын материалдык базасы диссертациялык деңгээлде, кыргыз историяграфиясында биринчи жолу изилденди.
- Мусулман окуусунун бүгүнкү күндөгү абалы, окуу программасынын окшоштугу менен айырымачылыгы, Түштүк Кыргызстандын калкынын сабаттуулугунун деңгээли тарыхка жаңыча ой жүгүртүүнүн негизинде илимий иликтенди жана такталды. Совет доорундагы тарыхый бурмалоолор, чыныгы фактылардын негизинде төгүнгө чыгарылып, илимий жактан обьективдүү баа берилди.
- Диссертациялык эмгекке мурда пайдаланылбаган архивдик жана сейрек фонддордун материалдары, ошондой эле колдонулбаган жаңы документтер илимий айлампага биринчи киргизилди.
- Мүмкүн болушунча совет доорундагы жарык көргөн айрым илимий эмгектердеги бурмалоолор же үстүртөдөн изилденген маселелер чыныгы фактылардын негизинде белгилүү деңгээлде төгүнгө чыгарылып, илимий жактан объективдүү баа берилди.



**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөө процессинин теориялык жыйынтыктары жана илимий айлампага киргизилген фактылык материалдар Ферганалык кыргыздар дүйнөлүк рухий маданияттан артта калбагандыгын, алардын бир бөлүгү катарында дүйнөлүк маданиятка канатташ элдер сыяктуу чоң салым кошкондугун далилдейт. Демек, диссертациядагы тыянактар кыргыздардын XIX кылымдагы тарыхын тактап, толуктап окуп үйрөтүүгө көмөк болмокчу. Диссертациянын негизги багыттары Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпы жана атайын курстарда, студенттерге окулган лекцияларда, кесиптик окуу жайларда, мектеп окуучуларына өтүлгөн сабактарында кеңири пайдаланууга сунушталат.

**Коргоого алып чыгарылуучу негизги жоболор:**

- Биз изилдеген мезгилдеги Түштүк Кыргызстандын калкынын жайгашуу географиясы жана улуттук курамы тактоо;
- мектептердин, мереселердин түрлөрү, алардын окуу программаларынын мааниси, өзгөчөлүктөрүн аныктоо, анализдөө. Мектептердин материалдык базасын изилдөө жана анын элдин социалдык турмушуна тийгизген таасирин аныктоо;
- XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы жазгыч акындар жана алардын чыгармаларына кеңири токтолуу;
- атайын илимий адабияттарда үстүртөн гана изилденген Түштүк Кыргызстандагы усул-и жадид, приходдук училищелер жана орус-туземмектептериндеги жүргүзүлгөн иштерди жаңы архивдик материалдардын негизинде тактап, билим берүүдөгү ордун жана ролун баса көрсөтүү.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Изилдөөнүн орчундуу багыттары боюнча тыянактар областык, республикалык илимий – практикалык конференцияларда, семинарларда угулду. Диссертациялык иш Ош МУнун тарых факультетинин «Кыргызстан тарыхы», «Жалпы тарых», «Археология жана этнология» кафедраларынын биргелешкен жыйынында талкууланды. Изилденген тема боюнча автор тарабынан илимий журналдарга 12 макала жарыяланды.

**Изилдөөнүн түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, эки баптан, алты параграфтан, корутунду жана пайдаланылган булактар менен адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын биринчи бабы** – «Түштүк Кыргызстандагы мусулман диний мектептер, медреселер жана XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы жазгыч акындар». Бул бапта кыргыздардын арасында ислам дининин кеңири таралышында өзбек, тажик молдолорунун, эшен-кожолордун, дервиштердин, жергиликтүү кыргыз феодалдарынын ролу көрсөтүлгөн. Алар мечит, медреселерди курушкан жана мазарларды калыбына келтиришкен. Түркстанда көптөгөн диний мектептер иштеген.

Мусулман дүйнөсүндө "мектеп" деген сөз жазганды үйрөнүүчү жай, ал эми "медресе" мусулмандардын диний укуктары, милдеттери, шарият, ислам дини жөнүндөгү маселелер боюнча лекция угуучу жай дегенди түшүндүрөт.

Мектеп, медреселер адегенде мечиттердин алдында ачылган. Кийинчерээк мечиттердин алдында дин факультеттери түзүлгөн. Мечиттер ар бир айыл-кыштактарда болуп, шаарларда болсо квартал, көчө сайын курулган. Түштүк Кыргызстанда мечит, медреселер XIX кылымдын II жарымынан баштап көбөйгөн. Мечит, медреселер кыргыздардын арасынан да колунда бар, кеңири таанылган адамдардын демилгеси менен алардын өз каражаттарына курулган. Мурда кыргыздар башка мусулман элдери сыяктуу эле балдарын диний мектептерде окутушкан. Бул мектептерде балдарга башталгыч билим берилип, көбүнчө араб, фарс, түркий тилдеринде жазганды, шар окуганды, Курандан үзүндүлөрдү жаттоону үйрөтүп, диний гана билим берген.

XIX кылымдын II жарымында мечиттердин бардык түрлөрү Түштүк Кыргызстандын аймагында да кеңири тараган. Алардын ичинен, Сулайман тоосунун тегерегине мечит, медреселер өзгөчө көп курулган. Ош шаарынын өзүндө эле 150дөн ашык мечит иштеген. Сулайман тоосунун айланасында Абдулла хандын Рабаты деп аталган мечит менен Асаф Ибн Бурхия мазарынын мечиттери майрамдык да, жума да мечиттеринин ролун аткарган. Бул мечиттер бүгүнкү күнгө чейин сакталып, өз функцияларын аткарып келүүдө.

Диссертацияда, мындан тышкары Фергана өрөөнүнүн шаарларында жана айылдарында балдар мектебиндей эле кыздар үчүн атайын ачылган 317 кыздар мектебинде 3399 кыз окуп, орто эсеп менен ар бир мектепте 11ден кыз окугандыгы көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары айыл-кыштактарда, шаарларда, аял бүбүлөрдүн (хатун–биби) үйүндө да кыздар мектеби уюшулган. Аял бүбү кыздарга башталгыч билим берүү менен бирге ислам духунда тарбиялаган. Окуу курсу балдар мектебинде кандай болсо, аял бүбүлөр мектебинде деле ошондой болгон. Бир гана айырмачылыгы бул мектепте араб тилиндеги диний мазмундагы китептерди көп өздөштүрүшпөстөн, көбүнчө араб, фарс, түркий тилдердеги поэтикалык чыгармаларды окушкан.

Отурукташкан элдер сыяктуу эле тоолуу өрөөндөрдө да башталгыч билим берүүчү мектептер кеңири таралган. Мындай мектептер жергиликтүү молдолордун, байлардын, беделдүү адамдардын үйлөрүндө эле уюшулуп, өздөрүнүн, тууган-уруктарын, коңшу-колондордун балдарын окутушкан. Аларды окутууда сабаттуу, тажрыйбалуу кыргыз, өзбек, уйгур, тажик молдолорун башка жактан чакырышкан.

Көчмөн кыргыздардын тарыхында так изи калган бийлер: Акбото, Кубат бий, Сыдык ажы, Сарымсак, Нусуп, Кедейбай, Кыдыр, Табылды, Ажыбай, Сейитбек, Алымбек датка да башталгыч билимди өз үйүндүгү жалданма молдодон алып, кийин медреседен уланткан.



Жаныбек казы элдин кат сабатын жоюуга өзгөчө маани берип, Кара-Шородогу өзү туулуп өскөн Тоо-Дыйкан айылына салдырган мечитине Кашкардан атайын уйгур молдону алдырып, балдарга башталгыч билим бердирген. Ал калк көп жашаган айыл-кыштактарда гана эмес, Нарын областындагы алыскы Арпа өрөөнүндө Кашка-Суу ашуусуна арчадан мечит салдырып, ошол кездеги Арпа, Аксай өрөөнүндөгү көчмөн кыргыздардын балдарын окуткан.

Алымбектин Ошко салдырган Ак медресеси Түштүк Кыргызстандагы Кокондогу хан медреселерине окшогон чоң медресе болгон. Алымбек датканын уулдары атасы салдырган медреседен окуп, аны бүткөндөн кийин ушул медреседе мударис же мутавалий болуп иштешкен.

Көчүп-конуп жүргөндүктөн мектептердин бул так эсебин алуу кыйын болгон. Ошондуктан Түркстан чөлкөмүнүн администрациясы окуу иштери боюнча көчмөн калктын мектептеринин санын тактай албай, областын инспектору 1914-жылкы эсеп-кысабында белгилегендей: "Көчмөндөрдүн мектебинин так саны берилбейт. Аларды болжолдуу түрдө жүздөп эсептөөгө болот", - деп билдирген.

Балдар мектепке келгенден баштап молдо (мударис) аларга Куранды жатка айтууга жана тактадан жасалган доскага тамга жазууну үйрөткөн. Адабияттар эне тилинде эмес, араб тамгасы менен түркий тилде жазылган.

Мектеп, медресеге өтүү үчүн даярдай турган башталгыч мусулман окуу жайы катарында кызмат кылган. Мектептердин негизги максаты - эл арасында мусулман окуусун кеңири жайылтуу болгон. Мектептердеги балдарга сабакты-мечиттин имамы өткөн. Мечиттерге имамды башка жактан да чакырышкан. Мусулман мектептеринде класстан класска көчүү болгон эмес. Жогорудагы аталган предметтерди өздөштүрүп, мектепти ийгиликтүү аяктаган балдарды «молдо» («сабаттуу») деп эсептешкен. Ал эми бүтпөй калгандарды «чала молдо» дешкен.

Ар бир окуучу өзүнүн дараметине карай окуу программасын өздөштүргөн. Орто окугандары эң жакшы окуган окуучуларга жетүүгө, ал эми жакшы окугандары эч кимди алдыга чыгарбай окууга аракеттенген.

Фергана өрөөнүндө анын ичинде Кыргызстандын Түштүгүндө кары хандардын окуусу да кеңири жайылган. Кары хандардын окуусунун пайда болуусу мусулмандардын күндө 5 убак намаз окуусуна, намаздан кийин маркумдарга куран окуусу зарыл болгондугунан, ар бир динге ишенген мусулман адамы колунан келишинче, дарамети жетишинче Курандан үзүндүлөрдү, аяттарды жаттоосу зарыл болгондугунан улам пайда болгон. Аны улантып, 30 парадан турган Курандын толук текстин жаттап, анын сөздөрүн түшүнүп, маңызын чечмелегенге жетишкендер - «кары» аталышкан.

1889-жылы Фергана областы боюнча 95 кары хандар мектеби болуп, анда 640 окуучу окуган.

Эгерде, мусулман өлкөлөрүндө мектептин 2 түрү болуп, алар беш баскычтан турса, Түштүк Кыргызстандын аймагында алардын төрт баскычы

иштеген. Социалдык абалына карабастан калктын бардык катмары мектеп курдурууга жана билим алууга акылуу болгон. Ислам динин жолдогон ар бир ата-эне балдарын 6 жаштан тартып диний мектепке берип, сабатын ачып, мусулманчылыктын жолун түшүндүрүп койбосо кечирилгис күнөө деп эсептелгендиктен калктын көпчүлүгү балдарын окутууга аракеттенишкен.

Бардык диний мектептердин имараттары, окууга кабыл алуунун шарты, алардын окуу программалары, окуу китептери, окутуу усулу бирдей болгон.

Диссертацияда Түштүк Кыргызстандын аймагындагы медреселер жана алардын агартуучулуктагы ролу кенири баяндалган.

Түркстан чөлкөмүндө медреселерди куруу айрыкча XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында кеңири кулач жайган.

1892-жылы Фергана областында 124 медресе катталган. Алардын ичинен: 95и шаарларда, 29у айыл жерлеринде болгон. Кокондо-34, Маргеланда-28, Ошто-9, Анжиянда-16, Наманганда-12ге жеткен. Аларда 5407 талапкер окуган.

Медреседе араб тилинин грамматикасын үйрөнүп бүткөндөн кийин балдар мусулмандардын граждандык укугу, кылмыш укугу, үй-бүлө, мамлекеттик укуктар боюнча жазылган («фикх-и-кайдание», «мухтасир-уль-викая» ж.б.) китептерди окуп, мазмунун түшүнүп, лекция окууну үйрөнүшкөн.

Аягында "Мухтасар" деп аталган мусулмандардын укугу боюнча баяндалган кыскача курсту окушкан. Адабияттардын географиялык чеги кеңири болгон.

Бомбей менен Кабулдан негизинен литографиялык чыгармалар ар кандай багыттагы китептер жана илимий трактаттар алынып келинген.

Орто Азия окумуштуулары сыяктуу эле кыргыз окумуштуулары да илимде из калтырышкан. Мисалы, алардын катарына Молдо Кылыч Шамыркановдун (Төрөгелдин) Уфадагы "Медиресе-и Галия" китептери жарык көргөн.

Түркстанда басма сөз каражаттары да кеңири таралгандыгы диссертацияда кенири баяндалган. Алардын ичинде "Туркестанские ведомости" (1870-ж.) газетасы, "Түркстан жергиликтүү газетасы" ("Туркестанская туземная газета"), "Таракки", "Хуршид", "Окраина" (1890-1898жж), "Русский Туркестан" (1898-1907), "Самарканд" (1907-1910) жана башкалар большевиктердин жетекчилиги астында чыккан легалдуу газеталардан болгон. "Среднеазиаткая жизнь" (1905-1908 жж.) жана "Туркестанский курьер" (1908-1917жж), "Түркстан айыл-чарбасы" ("Туркестанское сельское хозяйство"), "Түркстандык дыйкан" ("Туркестанский земледелец"), "Дехкан", "Ислам" журналдары учурунда Кыргызстандын булуң-бурчуна таралган.

Диссертацияда XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы жазгыч акындар жана алардын чыгармаларынын жалпы элдин сабаттуулугун көтөрүүдөгү ролу көрсөтүлгөн. Алгачкы кыргыз мугалимдери негизинен «усул-и-кадим» жана «усул-и-жадид» мусулман мектеп, медреселерин бүтүшкөн. Эл арасында аларды «молдо», «молдоке» деп коюшчу. Жазгыч акындардын чыгармачылыгы инсандардын индивидуалдык турмушунан тартып, коомдук ой-пикирлерге чейинки идеялар менен байланышкан.



**Диссертациянын экинчи бабы** - "Түштүк Кыргызстандагы орус-туземь, "усул-и-жадид" мектептери, приходдук училищелер жана вакфтык мүлктөрү".

XIX кылымдын экинчи жарымында Түркияда, Крымда жана Волга боюнда жашаган татар элдеринен чыккан либералдык-буржуазиялык панисламизм, пантюркизм диний агым өз доорунун көрүнүктүү агартуучусу Исмаилбек Гаспиринскийдин (1852-1914-жж.) жетекчилиги менен кеңири таралып, алар эски типтеги мусулмандардын диний мектеп, медреселерине реформа жүргүзүп, аларды жаңы өнүгүп жаткан улуттук-буржуазиянын талабына ылайык жаңылоону, жаштарга жаңыча билим берүүнү, ошондой эле мусулман өлкөлөрүнө бирдиктүү окуу системасын киргизип, «усул-и-жадид» мектептери аркылуу мусулман коомун түзүү максатын коюшкан. Натыйжада, «услу-и-жадид» деп аталган жаңы мектептер ачылган. «Жадид» - араб тилинен которгондо «жаңы», «жаратуучу» деген сөздү түшүндүрөт. Анын жактоочулары жадидчилер деп аталган. Тилекке каршы совет мезгилинде реакциячыл агым катары мүнөздөлүп, учурунда өзүнүн обьективдүү баасын ала албаган, кыргыз тарыхнаамесинде атайын изилдене элек проблемалардын бири мына ушул жадидчилик.

Жадидчилер мектеп, медреселердеги окууларга жалпы билимге ээ кылуучу сабактарды да киргизип, үн чыгарып окутуу усулун талап кылышкан.

Мындай жаңы усулдагы мектептер XIX кылымдын аягында Крымда, Волга боюнда, Азербайджанда, XIX кылымдын 90-жылдарында Казань, Уфа, Оренбург губернияларынан көчүп келген татарлардын, өзгөчө татар интеллигенциясынын таасири менен Түркстанга, анын ичинде Кыргызстанга таралган.

Кыргызстанда жаңы усулдагы мектептер алгач 1901-1904-жылдары Токмок, Пржевальск, Пишпек, Ошто ачылган. Окуу татар тилинде жүргүзүлгөн. Кара-Суудагы ачылган жаңы усулдагы мектепте 20 окуучу, 1914-жыл Оштогу эки мектепте 100 окуучу билим алган.

Токмок шаарында Экбаль медресесинде 1908-жылы 36 татар, 30 өзбек, 9 дунган, 5 кашкар, 200 кыргыз балдар окуган.

Фергана өрөөнүндөгү, анын ичинде Кыргызстандагы, ар бир ачылган жаңы усулдагы мектептерге китептер, жабдуулар, газета-журналдар Крымдан алдырылган. Жадидчилердин агартуучулуктагы идеяларын жайылтууда басма сөз органдары чоң роль ойногон. «Тараккий», «Хуршид», «Вакт», «Хуррият» жана «Тэрджиман» (переводчик), 1908-жылдын 21-январынан баштап Уфадан чыга баштаган «Маглюмат» (Билим) жана башка газета журналдар жаңы усудагы мектептердин идеяларын эл арасына кеңири пропагандалаган.

«Усул-и-жадид» мектеп реформасынын жактоочулары «Келечектеги түрк элдери, жалпы эле мусулмандар мусулман мектептеринде калыптанышат. Дайыма бардык жерде, эч кандай сырттан башка улуттун таасирисиз, өзгөрүлгөн эч кандай шартка, кырдаалга карабастан өзүнүн улутунун духунда жана дилинде тарбияланат, ошондой эле билим алат», - деп айтышкан. Жадидчилер мусулман коомун түзүүгө жетүү үчүн эң биринчи мектепти колго алган. Ошондуктан падышачылык Россия бул реформаторлорду катуу көзөмөлгө алган жана 1908-1911-жылдары жаңы усулдагы мектептердин ачылышына тыюу салган, адабияттардын таралышын катуу көзөмөлгө алган.

Жадидчилердин саясатына «кадимисттер» да каршы күрөшкөн. «Кадимисттер» (усул-и-кадим) эски мусулман диний мектеп медреселеринин окуусун өзгөртпөй сактап калууга аракет кылышкан. Эң башкысы алар жадидчилердин эски мусулман окуусуна жалпы билимге ээ кылуучу так илимдерди кошуп, окуу программасын кеңейтип окутуп, жаңыча билим бергендиктерине каршы чыгышкан.

Жаңы усулдагы мектептер эски мусулман мектептеринен айырмаланып, окуу программасы, окутуу усулу боюнча жаштарга билим берүүдө бир топ прогрессивдүү болгон. Бул мектептерден балдар диний билимдер менен бирге жалпы билимге ээ болуп чыгышкан. “Жаңы усулдагы” мектептерде окуу араб тилинде эмес, адегенде татар тилинде, андан кийин жергиликтүү элдин өз эне тилинде жүргүзүлгөн. Ошондуктан бул мектептерди жалпы эле жергиликтүү мусулман калкы, кыргыз феодалдары кызуу колдошкон жана мектептерде окуучулардын саны арбын болгон.

Жогоруда келтирилген фактылардын өзү эле советтик мезгилдеги ойдун Кыргызстандын элинин сабаттуулугунун төмөн деп айтуусун төгүнгө чыгарат. XX кылымдын башында Түштүк Кыргызстанда окуу жайлардын көбөйүшүнөн жана алардын «усули-и-жадид» ыкмасына өтүшү, ошондой эле кыргыздардын да агартуу тармагына көптөгөн мугалимдердин иштей башташы, Фергана өрөөнүндүгү кыргыз элинин сабаттуулугу артып маданиятында бир топ жылыштар болгондугун таасын далилдеп турат.

Бүгүнкү күнгө чейин илимде атайын изилдене элек проблемалардын бири – мектеп, медреселердин вакфтык мүлктөрү да диссертацияда кеңири изилденген. Хандыктын мезгилинде мамлекеттик кызматкерлер дин өкүлдөрүнөн дайындалып, алар ири жерлерге жана башка мүлктөргө ээлик кылышкан. Ошондуктан мектеп, медреселерди өз каражаттарына курдурушуп, аны вакфтык мүлктөр менен камсыз кылып турушкан. Вакф – мечит, медресе, кары-хандар мектеби, мазарлар үчүн чегерилген жер үлүштөрү, базарлардагы дүкөндөр, китептер, кербен-сарайлар, мончолор, кампалар, тегирмендер, арыктар, бактар жана башка мүлктөр. Орто Азияда вакфтардын пайда болушу ислам дининин жайылышы, мусулман окуу жайларынын ачылышы менен байланышкан. Курулган ар бир мекеменин ээсинин вакфтык укугу хан, эмир, казы, аким тарабынан грамоталар менен



бекитилип турган. Бул жөнүндө Ф.Керенский: “Медресени белекке берүү мурда “шарт намэ” же “уставдык грамота” деп атался, кийин «вакф намэ», «вакфтык граммота» деп аталган”, -дейт. Бул документке вакф ээсинин аты жөнү, качан курулгандыгы, анын вакфтык жеринин чек арасы тактап көрсөтүлүп, вакфтык дүкөнү, кербен сарайлары жана башка тийиштүү мүлктөрү тактап көрсөтүлөт. Мисалы, биз карап жаткан мезгилде Ош шаарынын өзүндө эле беш медреседе тактап айтканда, Алымбек датканын медресеси мусулман жыл эсеби хиджра боюнча 1292-жылы Ош базарынан 100 вакфтык дүкөн, Шейит-Дөбө, Сарай көчө кварталдарында жана “Алымбек чекте” болуп, 443 теше жер, кербен сарайлар жана башка мүлктөрүнө Худаяр хандын мөөрү басылган грамотасы болгон. Архивдик документтерге караганда Х1Х кылымдын 50-жылдарынын аягында Ак-Бууранын оң жээгинде базардын маңдайындагы Кара-Суу жолуна Алымбектин медресеси курулган. Алымбектен кийин медресенин биринчи мутавилийи анын улуу уулу Жаркынбай Мырза, андан кийин кийинки уулдары Абдылдабек, Баатырбек, Асанбек жана башкалар акыркы мутавилилери С.Таныбеков, мулла Байба, мулла Исами жана эң акыркы Абдулмажит Абдулхакимов болуп совет мезгилинде 20-жылдары бийликтин өкүлү Д.Зайнабитдиновго бардык вакфтык документтерди өткөрүп берген. Мындай медреселер көп болгон.

1891-1892-жылдары Фергана областы боюнча 124 медресе болуп, алардын 95 шаардык, ал эми 39 айылдык болгон. Фергана областында вакфтык мүлктөрдөн түшкөн киреше чоң өлчөмдү түзгөн. Областта медреселердин орточо кирешеси 149797 сомду түзүп, алардын ичинен 12 медресе 2000 сомдон ашык, 13 медресе 1000 сомдон 2000 сомго чейин, киреше албаган 15 медресе болгон. Ар бир медресенин жылдык кирешеси ар түрдүү өлчөмдө болуп, окуучуларына стипендиялар да ар түрдүүчө бөлүнгөн. Бул кирешеден жогоруда айтылгандай медреседе иштеген мударистердин айлык акыларына, курстарына жараша талибдерине стипендияларын, кызматкерлеринин айлык акыларын, ошондой эле медресенин жылдык ремонтуна кышкы отун, көмүрлөрүнө жана башкаларга жумшалган.

Медреселер сыяктуу эле ар бир мечит дагы вакфтык мүлктөр менен камсыздалып турган. Мечит, медреселер сыяктуу эле кары хандар мектеби, мазарлар да вакфтык мүлктөр менен камсыз кылынып, хандыктын граматалары менен жеке адамдар тарабынан ээленип турган. Мисалы, 1899-жылы Ош шаарындагы 14 кары хандар мектебинде 124 окуучу окуп, алардын орточо кирешеси 1570 сомду түзгөн, ал эми уездинде болсо 5 окуучу окуган 1 мектептин жылдык кирешеси 40 сом болгон.

1908-жылы Фергана областы боюнча 5057 вакфтык документтер катталган. Анын ичинен областтык башкаруу тарабынан 428 вакфтык документ жарактуу деп эсептелген.

Ош уезди боюнча 29 вакфтык мекемелер, башкача айтканда 6904 танап жер салыктан бошотулган.

Жыйынтыктап айтканда, 1) Түркстан чөлкөмүндө мектеп, медреселерди колунда бар адамдар өздөрүнүн каражатына курдуруп, аларды вакфтык мүлктөр менен камсыздап, казы же хандар, эмирлер беришкен вакфтык документтер (вакф-намэ, васихи, иноят-намэ) менен бекитип турушкан жана алар муундан-муунга мураска калып келген; 2) вакфтар диний мекемелердин материалдык негизин түзгөн жана аларды бекемдеген; 3) мектеп, медреселердин чарба бөлүмү окуу бөлүмүнөн бөлөк жүргүзүлүп, медресенин ээси мутавалий вакфтык документтеринде көрсөтүлгөндөй медресенин киреше, чыгашаларын өзү эсептеп чарба иштерин жүргүзгөн; 4) ар кандай шартка, тоскоолдуктарга карабастан бул вакфтык мүлктөр өз учурунда чөлкөмдө адистерди даярдоодо, элдин жашоого болгон көз карашынын калыпталышында, элге илим-билим берүүдө, ошондой эле элди иш менен камсыз кылууда, маданиятты жайылтууда жана элдин рухий деңгээлин көтөрүүдө материалдык база катары чоң роль ойногон жана бей-бечараларга да пайдасы тийип турган. Мындан тышкары калкка кызмат кылуу үчүн коомдук жайларга керектүү имараттар соопчулук иштери үчүн курулуп турган.

Түркстан крайы Россия империясынын курамына киргенден кийин Россияда крепостнойлук укуктун жоюлушу менен борбордук губерниялардан жерсиз дыйкандар Туркстанга анын ичинде Кыргызстанга да көчүрүлүп, орус айылдары пайда болгон. Ушуга байланыштуу орус падышачылыгынын администрациясы орус оторчуларына жергиликтүү элди кошуп окутуу үчүн башталгыч билим берүүчү мектептерди уюштурууну зарыл деп тапкан. Элге билим берүү маселесин турмушка ашыруу максатында 1878-жылы Орто Азия чөлкөмүндө окуу жайларды башкаруу үчүн бирдиктүү башкаруу органы түзүлгөн. Ошонун негизинде Фергана областында 8 приходдук училище ачылган. Бул мектептердин негизги максаты жергиликтүү элге орус тилин үйрөтүү, чөлкөмдө орус маданиятын кеңири жайылтуу, орус администрациясына зарыл болгон котормочуларды, кат ташуучуларды даярдоо болгон.

Кыргызстандын аймагында эң биринчи орус-тузем мектеби 1884-жылы 3-октябрда Токмок шаарына жакын жердеги Кара-Коңуз кыштагында дунган балдар үчүн ачылган. Экинчи жолу 1887-жылы 15-январда Ошто уюштурулуп иштей баштаган. Бул жылы 11 окуучу окууга келген. 1890-1891-окуу жылында 17 бала окуса, ал эми 1902-1914-жылдары окуучулардын саны 42ге чейин жеткен.

Жаңы программа боюнча окуу материалы 4 жылга ылайык түзүлүп, алар такталып, жылдарга бөлүнгөн. Анда география, коомдук илимдер, тарых, арифметика жана башка сабактар окулган.

Орус-тузем мектептеринин өздөрүнүн китепканасы да болгон. Мисалы, 1885-жылы Оштогу орус-тузем мектебинин китепканасында 1312 томдон 641 түрдүү китеби болгон. Ошто 1884-жылы ноябрь айында приходдук училищенин алдында кечки курс ачылып, анда өз каалоолору менен 12 киши окууга келишкен.



1900-жылы үч областта 37 орус-тузем мектеби иштеп (Сыр-Дарыя областында - 20, Самарканд областында - 9, Фергана областында - 8) аларда жергиликтүү элдин 1000 баласы билим алган.

Падышачылык орус-тузем мектептери аркылуу орусташтыруу саясатын жүргүзүү менен бирге жалпы билим берүүчү светтик мектептерди чөлкөмдө биринчи жолу жайылткан. Окуучулар бул башталгыч билим берүүчү мектептерден арифметика, орус тарыхы, география, Түркстан чөлкөмүнүн, Европа өлкөлөрүнүн тарыхы боюнча жалпы билим алышкан. Орус-тузем мектептери Түркстан чөлкөмүндө, анын ичинде азыркы Түштүк Кыргызстандын элине да зор таасирин тийгизген.

**Диссертациянын кортунду бөлүгүндө** Түштүк Кыргызстанда XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы билим берүүнүн жүрүшү проблемасын изилдөөдө чогултулган архивдик материалдардын, документтердин жана тийиштүү адабияттардын негизинде жалпысынан төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. Кокон хандыгынын мезгилинде кыргыздардын арасында ислам дининин кеңири таралышына коңшулаш өзбек, тажик элдеринин жана жергиликтүү кыргыз феодалдарынын таасири зор болгон. Мечит, медреселер көп курулуп, мазарлар калыбына келтирилген..

2. Ислам мамлекеттериндей эле, Фергана өрөөнүндө да отурукташкан калкка мүнөздүү болгон араб-фарс тибиндеги конфессионалдык 2 түрдүү мектеп, медресе негизинен 5 баскычтан турган. Алардын 4 баскычы Кыргызстандын аймагында кеңири жайылган.

3. Кыздар үчүн мектептин дагы бир түрү - аял бүбүлөрдүн үйүндө уюшулган мектеп. Алар кыздарга башталгыч билим берип, ислам духунда тарбиялашкан.

4. Уезддерде көчмөн калктын мектептери өзгөчө болгон. Аларда "көчүп жүрүүчү" мектептер боз үйлөрдө байлар, бийлер, казылар, датккалар жана башка бийликтеги адамдар тарабынан атайын жергиликтүү молдолорду же башка жактан Кашкар, Бухара, Кокон, Самарканд, Анжияндан билимдүү молдолордон алдырып, айылдын окуу курагындагы балдарынын кат сабатын жойдурган. Мындан тышкары жергиликтүү молдонун үйүндө да уюшулган. Көчүп жүргөндөктөн алардын так эсебин чыгаруу кыйын болгон. Ошондуктан Фергана областынын инспектору 1914-жылкы эсеп-кысабында: "көчүп жүрүүчү" мектептердин так эсебин алууга мүмкүн эмес. Бирок, андай мектептерден жүздөп саналат деп эсептесе болот…"- деп жазган.

5. Мектептерде балдардын саны 15тен 30га, кээде 40ка чейин жеткен. Жашы жагынан 6 жаштан 15 жашка чейинкилер окуган.

6. "Кары хандар" мектеби мусулмандардын 5 убак намаз окуп, маркумдарга куран окуп жүрүүсүнөн улам пайда болгон. Атайын курсту аяктагандан кийин эл арасында "кары" деген атка ээ болушкан жана медреседе иштеп, башталгыч мектептердеги мусулман окуусунун пропагандистерин даярдашкан. Мындай мектептерден областа 275 болуп, аларда 1413 окуучу окуган.

7. Чөлкөмдө "дала-иль-хайраттар" окуусу болгон. Алар пайгамбарлардын өмүр-баянын, ишмердүүлүктөрүн өздөштүргөндөр. Алардын так санын алуу кыйын болгон. Анткени алар негизинен жеке инсандардын үйлөрүндө уюшулган.

8. Мектептин кийинки түрү - медреселер. Алар орто жана жогорку болуп эки категорияга бөлүнгөн. Талапкерлер медресенин окуу предметтеринен башка мусулмандардын граждандык укуктары, үй-бүлө укугу, кылмыш укугу, мамлекеттик укуктар жөнүндө окуп, лекция окууну үйрөнүшкөн. Билимге кызыккан молдолор медресенин программасынан тышкары географиялык, тарыхый, фантастикалык чыгармаларды, Чыгыш медицинасы боюнча китептерди, тажик, өзбек, кыргыз акын-жазуучуларынын эмгектери менен таанышкан. XIX кылымдын II жарымындагы кыргыз элинин маданиятындагы негизги өзгөчөлүк – жазгыч акындардын көбөйүшү. Мектеп, медреселер орто кылымдардагы Борбордук Азия элдеринин, анын ичинде кыргыз окумуштууларынын, агартуучуларынын, улуу ойчулдарынын эң сонун традициясын так ушул мектеп, медреселерде сактап келишкен.

9. Медреседеги окуу атайын курстарга, бөлүмдөргө бөлүнүп, тийиштүү программа менен керектүү предметтер окутулуп, аны бүтүргөндөр атайын адистикке ээ болушкан.

Билимдин башаты болгон мектеп, медреселердин имараттары бүгүнкү күнгө чейин сакталбаганы менен алардын официалдуу юридикалык документтери (вакф-намэ, иноят-намэ, шарт-намэ, васихи), сүрөттөрү алардын тарыхы жазылган документтер архивде кеңири сакталып калган. Изилдөөлөргө караганда мусулман окуу жайларына өкмөт тарабынан эч кандай акча бөлүнгөн эмес. Мектеп, медреселерди каржылоонун негизги булагы вакфтык мүлктөрдөн түшкөн кирешелер болгон.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Түштүк Кыргызстандын аймагында да "жаңы усулдагы" мектептер кеңири таралган. Алар орус-тузем мектептери менен бир катарда иштеп, жергиликтүү элдин балдарын улуттук патриоттук духта тарбиялаган.

10. Туркстанга орустардын келгендигине байланыштуу европалык типтеги мектептер приходдук училищелер (башталгыч диний жана светтик билим берүүчү орус мектеби), орус-тузем (орус-жергиликтүү) мектеби, чоңдор үчүн кечки курстар ачылган. Бул мектептерде светтик башталгыч билим берилип, чөлкөмгө орус маданияты жайылтылган.



**Тема боюнча жарык көргөн эмгектер:**


1. Алымбек датка – кыргыз элинин көрүнүктүү инсаны// ОшМУ. Мамлекеттик тил. Окутулушу жана изилдениши. Том 1, Ош, 1996, ББ.90-92.

2. Алымбек датканын медресесинин вакфы. Ошол эле эмгекте. ББ.92-95.

3. Ош - мусулман окуусу// ОшМУ Түрк элдеринин дүйнө цивилизациясында алган орду жана ролу. Оштун 3000 жана Ош МУнун 50 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференциясынын материалдарынын жыйнагы. Ош, 1999-жыл, ББ.158-16.

4. Жадидчиликтин Кыргызстанда жайылышы// Республиканский центр непрерывной подготовки медицинских и формацевтических работников. Кафедра педагогики и психологии высшей школы. Актуальные проблемы образования науки. Сборник научно-методических трудов. Выпуск 12. Бишкек, 1999, СС.23-26

5. XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандын аймагындагы вакфтык мүлктөр. Кыргыз-өзбек университети. Эл аралык конференция. Түштүк Кыргызстандын тарыхы, маданияты, экономикасы. 19-20-май, 2000-жыл. Ош, 2000. ББ.100-104.

6. 1850-1917-жылдардагы Түштүк Кыргызстандын аймагындагы агартуу иштеринин абалы// Материалы международной конференции «модеринизации высшей школы переходный период: состояние и перспективы» к 50 летию КГПУ им. И.Арабаева. Том 2, Бишкек, 2002, СС.163-166.

7. Түштүк Кыргызстандагы мусулман медреселериндеги окутуунун усулу// Вестник Ош ГУ. Серия психолого-педагогических наук № 2. Посвящается 50-летию ОшГУ и 60-летию академика Б.Мурзубраимова. Труды международной научной конференции Ош, 2001, СС.212-216.

8. Приходдук училищелердин, орус-тузем мектептеринин ачылышы жана алардын жергиликтүү элге тийгизген таасири// Вестник Ош ГУ №1, 2005. Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин 60-жылдыгына арналган илимий практикалык конференциянын материалдары. Ош, 2005, ББ.77-80.

9. Революцияга чейинки Түштүк Кыргызстандын аймагындагы медреселер жана алардын агартуучулуктагы ролу// Ошол эле эмгекте. 101-103

10. Распространение новометодных школ на территории Кыргызстана и их особенности в системе народного образование// Вопросы гуманитарных наук. № 6 (21) 2005 год. Г.Москва. СС.314-316.

11. К вопросам о границах между Узбекистаном и Кыргызстаном// ВЕСТНИК ОшГУ №1, СС.165-167.

12. Түштүк Кыргызстандагы «усул-и-жадид» мектептери// Түркия, ВЕСТНИК № 3, январь, 2007.

**Султанова Макпурат Шакировнанын "XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы" деген темада 07.00.02 –Кыргызстандын тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## РЕЗЮМЕСИ

Өзөк сөздөр: Түштүк Кыргызстан, сабаттуулук, агартуу иштери, диний билим берүү, светтик окуу, мектеп, медресе.

Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет болушу, өлкөдөгү кеңири масштабдагы реформалардын жүрүшү кыргыз элинин тарыхындагы көп маселелердин бүгүнкү күндүн талабына ылайык объективүү изилденишине жана баа берилишине укуктук жана коомдук – саясий шарт түздү. Мына ошондой маселелердин бири биз тандап алган «XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы».

Диссертацияда башка Борбордук Азия элдериндей эле кыргыздардын рухий маданиятынын негизи катары көп кылымдардан бери өсүп-өнүгүп келген мусулман мектептери менен медреселери коомдун социалдык жана рухий өнүгүүсүндө чоң роль ойногондугу, архивдик, илимий эмгектердин негизинде тастыкталат.

Эмгекте тарыхый фактылардын негизинде Түштүк Кыргызстанда мечит, медреселер XIX кылымдын II жарымынан баштап көбөйгөндүгү, кыргыздардын арасынан да колунда бар, кеңири таанылган адамдардын демилгеси менен алардын өз каражаттарына курулгандыгы жана кыргыздар балдарын диний мектептерде окуткандыгы далилденет. Отурукташкан элдер сыяктуу эле, көчмөн кыргыздарда да башталгыч мектептердин кеңири таралгандыгы баяндалат.

Диссертацияда Түштүк Кыргызстандагы усул-и-жадид, приходдук училищелер жана орус-тузем мектептеринин элдин сабаттулугун көтөрүүдөгү ролу изилденген. Мындай жаңы усулдагы мектептер XIX кылымдын аягында Крымда, Волга боюнда, Азербайджанда, XIX кылымдын 90-жылдарында Казань, Уфа, Оренбург губернияларынан көчүп келген татар интеллигенциясынын таасири менен Түркстанга, анын ичинде Кыргызстанга таралган.

Бүгүнкү күнгө чейин илимде атайын изилдене элек проблемалардын бири – мектеп, медреселердин вакфтык мүлктөрү да диссертацияда кеңири изилденген.

Түркстан крайы Россия империясынын курамына киргенден кийин орус падышачылыгынын администрациясы орус оторчуларына жергиликтүү элди кошуп окутуу үчүн башталгыч билим берүүчү мектептерди уюштургандыгы далилденет.

Диссертация киришүүдөн, эки баптан, кортундудан жана библиографиядан турат



## РЕЗЮМЕ

**Султанова Махпурат Шакировна**

**Состояние образования в Южном Кыргызстане во II половине XIX-начале XX вв. Диссертация на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02.- история Кыргызстана.**

**Ключевые слова:** Южный Кыргызстан, грамотность, просветительная работа, религиозное, светское просвещение, мактаб, медресе.

**В диссертации** Образование суверенного государства Кыргызской Республики, проведение широкомасштабных реформ в стране, создало правовые и общественно-политические условия для изучения многих проблем, в истории кыргызского народа и дало возможность давать объективные оценки. «Состояние образования Южного Кыргызстана во II половине XIX - начале XX века» - наша выбранная тема одна из этих проблем.

В диссертации на основании архивных документов, научных трудов было доказано, что составной частью духовного богатства кыргызского и других коренных народов Кыргызстана, да и всей Центральной Азии, является позитивные традиции сформированные на протяжении многих столетий мусульманскими мактабами и медресе, занимавшими заметное место в социальной и духовной жизни общества.

В работе также было обоснованы на основание исторических фактов что. в это время Кыргызстана было построено много мечетов и медресе с инициативой и на средствах влиятельных людей среди кыргызского народа. А также было показано что, кыргызские дети были отданы на обучение в эти школы. Было изложено что, среди кочевых кыргызов так же как и в оседлых народов были широко распространены религиозные школы.

В диссертации было исследовано роль школ «усул-и-джадид», приходских училищ и русско-туземных школ в ликвидации без грамотности среди населения Юга Кыргызстана.

Такие новометодные школы распространились в конце XIX века в Крыму, на берегу Волги, в Азербайджане. Под влиянием татарских интеллигенции переселившихся из губернии Казани. Уфы, Оренбурга в 90-х годах XIX века появились такие школы на территории Туркестана и в том числе и в Кыргызстане.

В диссертации было широко исследованы вакфные имущества мактабы и медресе- это одно из не изученных проблем в науке до наших дней.

В работе было доказаны что после присоединение Туркестанского края в состав Российской империи царской администрацией были открыты русско-туземные школы в целях обучения русских переселенцев вместе коренного народа.

Диссертация состоит из 2-х глав, введение, заключение и библиографии.

**RESUME**

**Sultanova Makpurat Shakirovna**

**The state of education in the South of Kyrgyzstan in the second half of the XIX and beginning of the XX century.**

**07.00.02 –Dissertation aimed for admission the scientific dergee of "Candidate of historical science" on the specialty "History of Kyrgyzstan"**

Key words: South Kyrgyzstan, schools, medreses.

The reform of the Independent Kyrgyz Republic gave political chance to conduct widescaled reforms within the country, to give objective appreciation to many problems in the history of Kyrgyzstan.

In the Dissertation as other Sentral Asian people, centuries old muslim schools and medreses played main role in the social and spiritual development of the society as the foundation of spiritual culture of Kyrgyz people, which was proved by archivesand scientific works.

In the work it's proved that on the basis of historical facts, it's proved that at the end of XIX century there were lots of mechits and medreses in the South of Kyrgyzstan. It' also proved that Kyrgyz people gave their children to the religious schools. As other settled people had and the Nomadic Kyrgyz people had several elementary schools.

The "Usul – e- Jaadid" ; secondary schools and Russiuan-Native schools played a great role in the raising the litracy of the people. Such schools with new methods of teaching were spread in Krym, Azerbaigan and on theVolga shoresby the end of the XIX century, and in the $90^{th}$ of the XIX century they were spread in Turkstan and Kyrgyzstan by the influence of the Tatar Intelligencia who settled from Kazan, Ufa and Orenburgh province.

In the work widely reseached such problems as vakf properties of schools and mereses.

It's also proved that after the Turkmen people came to the Russian, Impire staff, the administration of the Russian Kingdom gave education to the local people.

The work consists of introduction; two chapters; conclusion and bibliography.

Формат 60x84 1/16. Печать офсетная.
Бумага офсетная. Объем 1,3 п.л.
Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии Ч.П. «Абыкеев А.Э.»
г. Бишкек. ул. Абдумомунова -193
тел. 62-20-48